Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын
2019-жылдын II чейреги ичиндеги абалы тууралуу

# ОТЧЕТ

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2019-жылдын II чейрегинде 98,2 пайызды түзгөн, бул көрсөткүч 2018-жылдын II чейрегине салыштырганда 1,0 пайызга азайган (2018-жылдын II чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,2 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жүгүртүлүүсү**

| Региондордун аталышы | Келип түшкөн (млн сом) | | Берилген (млн сом) | | Кайтарымдуулук (пайыз) | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018-жылдын II чейреги | 2019-жылдын II чейреги | 2018-жылдын II чейреги | 2019-жылдын II чейреги | 2018-жылдын II чейреги | 2019-жылдын II чейреги |
| **Бардыгы** | **410 088,6** | **500 030,9** | **413 443,9** | **508 968,5** | **99,2** | **98,2** |
| Бишкек шаары | 191 780,9 | 257 663,3 | 187 269,2 | 255 907,8 | 102,4 | 100,7 |
| Баткен областы | 18 828,6 | 21 657,8 | 18 812,6 | 21 589,8 | 100,1 | 100,3 |
| Жалал-Абад областы | 43 024,5 | 51 305,4 | 46 130,8 | 55 325,8 | 93,3 | 92,7 |
| Ысык-Көл областы | 21 189,0 | 23 794,2 | 22 433,4 | 25 310,2 | 94,5 | 94,0 |
| Нарын областы | 9 933,2 | 11 407,5 | 11 183,1 | 12 200,7 | 88,8 | 93,5 |
| Ош областы | 21 726,3 | 23 690,0 | 21 632,7 | 23 665,8 | 100,4 | 100,1 |
| Ош шаары | 54 458,2 | 61 488,7 | 55 422,8 | 64 414,8 | 98,3 | 95,5 |
| Талас областы | 8 354,0 | 10 922,9 | 9 804,4 | 12 514,5 | 85,2 | 87,3 |
| Чүй областы | 40 793,9 | 38 101,1 | 40 754,9 | 38 039,1 | 100,1 | 100,2 |

2018-жылдын II чейрегине салыштырганда 2019-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугунун өсүшү төмөнкү региондор боюнча катталган:

- Баткен областы боюнча – 0,2 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 4,7 пайызга;

2019-жылдын II чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча – 100,7 пайызды жана Баткен областы боюнча – 100,3 пайызды түзгөн. Ал эми нак акча кайтарымдуулугунун кыйла төмөнкү көрсөткүчү Талас областы боюнча – 87,3 пайыз деңгээлинде катталган.



**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**

Коммерциялык банктардын кассаларына 2019-жылдын II чейрегинде келип түшкөн нак акчанын суммасы 500 030,9 млн сомду түзгөн, бул көрсөткүч 2018-жылдын II чейрегине салыштырганда 21,9 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча келип түшкөн нак акчалар төмөнкү көрсөткүчтөрдү түзгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пунктуларынан – 229 765,4 млн сом, көбөйүү 31,1 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 175 305,5 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 23 211,6 млн сом, көбөйүү 15,0 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 20 177,6 млн сом);

- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 64 507,0 млн сом, көбөйүү 29,7 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 49 732,4 млн сом);

- локалдык акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 33 893,7 млн сом, көбөйүү 13,0 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 30 005,3 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодон жана аткарылган иштерден – 40 203,2 млн сом, көбөйүү 23,2 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 32 635,2 млн сом);

- чет өлкө валютасын сатуудан келип түшүүлөр – 35 609,6 млн сом, көбөйүү 19,1 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 29 886,9 млн сом).

**2-график. 2018-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2019-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2019-жылдын II чейрегинде 508 968,5 млн сомду түзгөн, бул көрсөткүч 2018-жылдын II чейрегине салыштырганда 23,0 пайызга көбөйгөн.

2019-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары төмөнкүдөй болгон:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 228 070,8 млн сом, көбөйүү 32,3 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 172 343,1 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөр – 21 557,7 млн сом, көбөйүү 10,2 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 19 563,5 млн сом);

- банкоматтарга акча жүктөө үчүн – 91 967,9 млн сом, көбөйүү 24,4 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 73 943,0 млн сом);

- локалдык акча которууларды төлөөгө – 31 720,1 млн сом, көбөйүү 13,5 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 27 936,9 млн сом);

- товарлар үчүн төлөөгө – 4 183,0 млн сом, көбөйүү 47,1 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 2 843,2 млн сом);

- чет өлкө валютасын сатып алууга – 50 201,2 млн сом, көбөйүү 11,1 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 45 141,8 млн сом);

- эмгек акыларды төлөөгө – 922,0 млн сом берилип, төмөндөө 8,9 пайызды түзгөн (2018-жылдын II чейрегинде – 1 012,3 млн сом).

**4-график. 2018-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2019-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



## 2. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы

2019-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү **51 909,8 млн сомду** түзгөн, бул:

- 2019-жылдын I чейрегине салыштырганда 19,8 пайызга өскөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 1,5 пайызга көбөйгөн.

2019-жылдын II чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны **2 612 084** төлөмдү түзгөн, бул:

- 2019-жылдын I чейрегине салыштырганда 9,4 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 10,4 пайызга көбөйгөн.

6-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)




### 2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы

2019-жылдын II чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **724 065,0 млн сомду** түзгөн:

- 2019-жылдын I чейрегине салыштырганда 7,7 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 3,9 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп, айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2019-жылдын II чейреги ичинде **116 039 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- 2019-жылдын I чейрегине салыштырганда 13,2 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 10,9 пайызга көбөйгөн.

7-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)




**2-таблица. Клиринг жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мөөнөтү | Клиринг | | Гросс | | Бардыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| **2018-ж. II ч.** | 2 366 594 | 51138,3 | 104 637 | 696 848,4 | 2 471 231 | 747 986,7 |
| **2018-ж. III ч.** | 2 557 643 | 50 058,7 | 113 385 | 735 556,2 | 2 671 028 | 785 614,9 |
| **2018-ж. IV ч.** | 2 259 137 | 57 611,2 | 128 240 | 715 576,6 | 2 387 377 | 773 187,8 |
| **2019-ж. I ч.** | 2 388 352 | 43 323,8 | 102 499 | 672 270,1 | 2 490 851 | 715 593,9 |
| **2019-ж. II ч.** | 2 612 084 | 51 909,8 | 116 039 | 724 065,00 | 2 728 123 | 775 974,8 |

### 2.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2019-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү бардык коммерциялык банктар сунуштаган, анын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системасынын жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 25 банк карттардын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

**_1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы_**

2019-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2 702,7 миң картты түзгөн. Мында, карттардын саны 2019-жылдын I чейрегине салыштырганда 4,3 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда карттардын саны 19,6 пайызга өскөн.

Төлөм карттар түрлөрү боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

**- Эл аралык системалар 1 332 169 (49,3%):**
- «Visa» 779 603 (28,8%);
- «Master Card» 33 232 (1,2%);
- «Золотая Корона» (Россия) 509 915 (18,9%);
- «Union Pay International» 9 419 (0,4%).

**- «Элкарт» улуттук системасы 1 370 498 (50,7%):**
- «Элкарт» 1 365 930 (50,5%);
- «Элкарт-UPI» 4 568 (0,2%).

**3-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм карттар рыногунун өнүгүшүнүн көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2018-ж. 2-чейреги | 2019-ж. 1-чейреги | 2019-ж. 2-чейреги | 2019-жылдын 2-чейреги үчүн өсүш арым % | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2018-ж. 2-ч. | 2019-ж. 1-ч. |
| Чыгарылган төлөм карттарынын саны (миң бирдик) | 2 260,7 | 2 591,5 | 2 702,7 | 14,6 | 4,3 |
| Миң кишиге чыгарылган төлөм карттарынын саны (эмгекке жарамдуу жана пенсиялык курак) | 546,0 | 617,0 | 643,0 | 13,0 | 4,2 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны (млн тран.) | 9,3 | 10,5 | 11,6 | 12,9 | 10,5 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү (млн сом) | 48 776,6 | 48 794,6 | 56 498,9 | 0,0 | 15,8 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган нак эмес операциялардын көлөмүнүн ИДӨгө карата катышы (%) | 9,9 | 8,8 | 10,1 | -11,4 | 15,8 |



**8-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**



**9-график. 2019-ж. 1-июлуна карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**

**4-таблица. Областтар жана системалар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын саны**

| Региондун аталышы | Visa | MasterCard | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт- UPI | Жыйынтыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек шаары | 541 469 | 22 366 | 142 173 | 389 627 | 6 147 | 3 675 | 1 105 457 | 40,9 |
| Чүй областы | 37 205 | 2 862 | 56 185 | 138 454 | 1 427 | 88 | 236 221 | 8,7 |
| Ысык-Көл областы | 35 123 | 1 706 | 44 588 | 116 143 | 412 | 103 | 198 075 | 7,3 |
| Нарын областы | 9 706 | 627 | 32 765 | 85 141 | 0 | 103 | 128 342 | 4,7 |
| Талас областы | 16 601 | 619 | 17 603 | 54 721 | 512 | 61 | 90 117 | 3,3 |
| Жалал-Абад областы | 47 847 | 1 916 | 93 927 | 224 070 | 459 | 188 | 368 407 | 13,6 |
| Ош областы | 74 113 | 2 117 | 89 985 | 258 748 | 375 | 261 | 425 599 | 15,7 |
| Баткен областы | 17 539 | 1 019 | 32 689 | 99 026 | 87 | 89 | 150 449 | 5,6 |
| **Жыйынтыгында** | **779 603** | **33 232** | **509 915** | **1 365 930** | **9 419** | **4 568** | **2 702 667** | **100** |

**10-график. 2019-ж. 2-чейреги үчүн областар боюнча картты колдонуу аркылуу операциялардын көлөмү жана саны (миң сом)**




**11-график. Коммерциялык банктардын карт-эсептериндеги депозиттик базанын калдктарынын динамикасы (млрд сом)**




Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансы ресурстарынын ж.б. концентрацияланышы жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн, ушундан улам төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу бул жерде кыйла өнүккөн. 2019-жылдын II чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн үлүшү 57,2 пайызды түзгөн. Кыйла төмөнкү көрсөткүч – 3,2 пайыз Талас областында катталган.

2019-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча картты колдонуу аркылуу эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик база калдыгынын көлөмү 24,9 млрд сомду түзгөн. Мында 2019-жылдын I чейрегине салыштырмалуу 4,81 пайызга өсүү байкалган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүү 11,07 пайызды түзгөн.

***2) Банктык төлөм карттар эквайринги***

2019-жылдын II чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бардык аймактарында орнотулган 1 620 банкоматта жана 10 867 POS-терминалда тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 7,8 пайызга же 117 банкоматка көбөйгөн, ал эми POS-терминалдар – 19,7 пайызга же 1 785 POS-терминалга көбөйгөн). Мындай өсүү калкка банктык төлөм карттарын колдонуу боюнча шарттарды түзүү максатында, коммерциялык банктардын аралыкта орнотулган жабдууларды көбөйтүү иш-чараларына байланыштуу келип чыккан.

Учурда иштеп жаткан POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

- Visa жана MasterCard эл аралык системалары боюнча 611 банкомат жана 5 132 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча 212 банкомат жана 1 453 POS-терминал.
- «UPI» эл аралык системасы боюнча 251 банкомат жана 1 388 POS-терминал.




12-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны




13-график. Системалар боюнча терминалдардын саны

**5-таблица. Областтар боюнча аралыкта орнотулган жабдуулардын саны**

| Региондун аталышы | Банкоматтар (даана) | Pos-терминалдар (даана) | | Төлөм терминалдары (даана) |
|---|---|---|---|---|
| | | соода ишканаларында | банктарда | |
| Бишкек шаары | 691 | 6427 | 624 | 519 |
| Чүй областы | 135 | 811 | 198 | 174 |
| Ысык-Көл областы | 163 | 492 | 199 | 176 |
| Нарын областы | 69 | 83 | 109 | 73 |
| Талас областы | 57 | 93 | 84 | 93 |
| Жалал-Абад областы | 192 | 304 | 282 | 228 |
| Ош областы | 240 | 547 | 433 | 372 |
| Баткен областы | 73 | 43 | 138 | 126 |
| **Жыйынтыгында** | **1 620** | **8 800** | **2 067** | **1 761** |

***3) Банктык төлөм карттарды колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы***

2019-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча картты колдонуу менен 10,6 млн транзакция ишке ашырылып, жалпы суммасы 56 498,9 млн сомго жеткен, мында 2019-жылдын I чейрегине салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 1,0 жана 15,8 пайызга өсүү байкалган (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 14,0 жана 15,8 пайызга жогорулаган). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу операцияларынын саны 8 994,8 миң транзакцияга жетип, жалпы суммасы 56 602,6 млн сомду түзгөн, бул 2019-жылдын I чейрегине салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 9,0 жана 23,7 пайызга өскөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 14,6 жана 22,4 пайызга жогорулаган).

- соода-тейлөө ишканаларында орнотулган POS-терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 2 602,0 миң транзакция чегинде катталып, жалпы суммасы 3 896,3 млн сомду түзгөн, 2019-жылдын I чейрегине салыштырмалуу операциялардын саны тиешелүүлүгүнө жараша 14,2 жана 28,2 пайызга өскөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 76,4 жана 53,5 пайызга жогорулаган).

**6-таблица. Соода-тейлөө ишканаларында нак акчага айландыруу жана төлөө боюнча операциялардын саны жана көлөмү карттар боюнча**

| Төлөм карттын түрү | 2019-ж. 1-чейреги | | | | 2019-ж. 2-чейреги | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | |
| | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) |
| AMEX | 1 811 | 7 711,6 | 672 | 10 576,9 | 2 319 | 11 093,0 | 1 095 | 21 140,3 |
| Элкарт | 4 563 792 | 19 934 824,1 | 638 366 | 453 942,8 | 5 031 964 | 22 737 355,8 | 814 243 | 489 375,1 |
| Visa | 2 296 548 | 20 420 905,9 | 1 520 333 | 2 340 756,3 | 2 586 694 | 24 022 375,0 | 1 652 216 | 3 075 642,3 |
| Элкарт-UPI | 21 858 | 75 746,3 | 5 008 | 8 292,6 | 25 782 | 88 401,4 | 5 830 | 7 632,9 |
| UPI | 27 988 | 215 373,8 | 1 150 | 1 718,9 | 26 241 | 203 249,2 | 974 | 1 878,0 |
| MasterCard | 173 168 | 1 428 835,8 | 83 278 | 209 485,1 | 206 124 | 1 907 577,7 | 103 892 | 287 714,5 |
| Золотая Корона | 1 168 863 | 3 669 656,9 | 29 370 | 15 556,7 | 1 114 223 | 3 622 159,1 | 23 475 | 12 839,1 |
| Мир | 196 | 1 222,4 | 88 | 26,6 | 1 449 | 10 347,6 | 283 | 86,0 |
| **Бардыгы** | **8 254 224** | **45 754 276,7** | **2 278 265** | **3 040 355,9** | **8 994 796** | **52 602 558,9** | **2 602 008** | **3 896 308,2** |

**7-таблица. Карт ээлеринин активдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү тууралуу маалымат**

| Операциянын түрү | Жүгүртүүдө бирд карт боюнча операциялардын орточо көлөмү | | | | | Жүгүртүүдө бирд карт боюнча операциялардын орточо саны (бир) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018-ж. 2-ч. | 2018-ж. 3-ч. | 2018-ж. 4-ч. | 2019-ж. 1-ч. | 2019-ж. 2-ч. | 2018-ж. 2-ч. | 2018-ж. 3-ч. | 2018-ж. 4-ч. | 2019-ж. 1-ч. | 2019-ж. 2-ч. |
| Нак акчага айландыруу | 20,4 тыс. сом | 20,0 тыс. сом | 21,9 тыс. сом | 17,7 тыс. сом | 19,5 тыс. сом | 3,5 | 3,4 | 3,7 | 3,2 | 3,3 |
| Соода-тейлөө ишканасы аркылуу | 1 123,0 сом | 1 201,1 сом | 1 267,8 сом | 1 173,2 сом | 1 441,7 сом | 0,7 | 0,7 | 0,8 | 0,9 | 1,0 |

### 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү SWIFT, «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. ушул сыяктуу системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында, банктар чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын көбүрөөк пайдаланышкан.

2019-жылдын II чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 13 түрү боюнча жүзөгө ашырылган. Ушул эле жылдын II чейреги ичинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 660,9 млрд сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 19,2 пайызга жогору (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 35,9 пайызды түзгөн).

Ал эми чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 703,9 млрд сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 17,8 пайызга жогору (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 35,0 пайызды түзгөн).

### 2.5. Акча которуулар

2019-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулар эл аралык жана локалдык системалар аркылуу жүзөгө ашырылган. Эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 2 624,8 миңди түзүү менен жалпы суммасы 42,7 млрд сом чегинде катталган, бул өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 20,5 жана 11,2 пайызга жогорулаган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 21,0 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 17,5 пайызга азайган). Чыккан которууларды саны 224,7 миң көрсөткүчтү түзүү менен жалпы 11,2 млрд сом суммасында катталган, мында которуулардын саны өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 15,0 жана 11,2 пайызга жогорулаган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 20,6 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 5,1 пайызга азайган).

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына - кирген которуулардын жалпы көлөмүнөн 35,6 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнөн 57,9 пайызы туура келген.

**14-график. 2019-жылдын IIчейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**15-график. 2019-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




2019-жылдын II чейреги ичинде берилген отчеттордон алганда, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан Кыргыз Республикасында акча которуулар системасына тиешелүү акча которууларды жүзөгө ашыруу боюнча эрежелердин которууларды камсыздоо бөлүгүнүн талаптары сакталууда. Эл аралык акча которуулар системаларынын жалпы санынын ичинен төрт эл аралык система камсыздандыруу депозитин сунуштоо аркылуу гана коммерциялык банктар менен иштейт, бир эл аралык акча которуу системасы төлөмдү камсыз кылуу аркылуу иштейт, ал эми калган эл аралык акча которуулар системалары камсыз кылуунун эки түрүн колдонуу менен иштейт.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

***1) АКШ долларында акча которуулар***

2019-жылдын II чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 374,9 миң көрсөткүчтү түзүү менен 165,2 млн АКШ доллары суммасында катталган, бул өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 40,5 жана 20,6 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 45,3 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 8,6 пайызга азайган). Чыккан которуулардын саны 95,3 миң көрсөткүчүн түзүү менен 88,0 млн АКШ доллары суммасын түзгөн, мында өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 26,3 жана 19,6 пайызга көбөйүү байкалган (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 14,7 көбөйүп, көлөмү 8,9 пайызга азайган).

***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча кирген которуулардын саны 12,2 миңди түзүү менен жалпы 4,8 млн евро суммасында катталган, бул көрсөткүч 2019-жылдын I чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 9,9 жана 10,0 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 29,5 жана 23,9 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 3,2 миң көрсөткүчүн түзүү менен жалпы 4,5 млн евро суммасында катталган, бул өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 22,9 жана 15,1 пайызга жогорулаган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны тиешелүүлүгүнө жараша 36,3 жана 28,0 пайызга көбөйгөн).

***3) Орус рублинде акча которуулар***

2019-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча кирген которуулардын саны 2 237,0 миң көрсөткүчтү түзүү менен 27 991,2 млн рубль суммасында катталган, бул өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 17,7 жана 6,0 пайызга көбөйгөн (өткөн

жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 21,0 пайызга көбөйүп, ал эми көлөмү 21,0 пайызга азайган). Чыккан которуулардын саны 124,7 миңди түзүп, 4 266,3 млн рубль суммасында ишке ашырылган, бул өткөн чейрекке салыштырганда которуулардын саны 7,5 пайызга жогорулаган, ошол эле учурда которуулардын көлөмү 0,03 пайызга төмөндөгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 28,8 пайызга көбөйүп, ал эми көлөмү 5,1 пайызга азайган).

***4) Казак теңгесинде акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде кирген которуулардын саны 0,7 миңди түзүү менен 49,1 млн теңге суммасында катталган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 25,9 жана 36,6 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 58,7 жана 56,4 пайызга азайган). Чыккан которуулардын саны 0,2 миң төлөмдү түзүү менен 38,9 млн теңге суммасында катталган, бул өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 3,8 жана 53,7 пайызга көбөйгөн (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 59,9 жана 37,0 пайызга азаюу байкалган).

***5) Кыргыз сомунда акча которуулар***

2019-жылдын II чейреги ичинде чыккан которуулардын саны 1,2 миңди түзүү менен 21,1 млн сом суммасы чегинде түптөлгөн, бул өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 8,6 жана 15,5 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 64,7 жана 72,1 пайызга төмөндөгөн).

Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы 30/6 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында акча которуулар системасына тиешелүү акча которууларды жүзөгө ашыруу боюнча эрежелердин 1.2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык акча которуу системалары боюнча акча которуулар алуучуга жөнөтүүчү көрсөткөн жана Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы - сомдон айырмаланган которуу/төлөө валютасында сунушталат.

**8-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| **Акча которуу системалары** | | **2018-жылдын II чейреги** | | **2019-жылдын I чейреги** | | **2019-жылдын II чейреги** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны, миң бирд.** | **Көлөмү, млн сом** | **Саны, миң бирд.** | **Көлөмү, млн сом** | **Саны, миң бирд.** | **Көлөмү, млн сом** |
| Western Union | Кирген | 100 | 2561,16 | 84 | 2 015,34 | 117 | 2 748,06 |
| | Чыккан | 9 | 575,44 | 11 | 504,00 | 11 | 550,79 |
| Contact | Кирген | 195 | 3768,37 | 58 | 1 967,10 | 61 | 2 018,09 |
| | Чыккан | 7 | 210,05 | 16 | 566,99 | 19 | 627,56 |
| Money Gram | Кирген | 20 | 803,26 | 20 | 729,12 | 22 | 837,99 |
| | Чыккан | 2 | 89 | 2 | 96,26 | 2 | 99,97 |
| Юнистрим | Кирген | 226 | 6949,65 | 167 | 6 351,79 | 189 | 4 106,28 |
| | Чыккан | 5 | 682,35 | 5 | 574,37 | 5 | 549,70 |
| БЛИЗКО | Кирген | 1 | 11,83 | 0 | 8,67 | 0 | 16,08 |
| | Чыккан | 0 | 0,09 | 0 | 0,05 | 0 | 0,50 |
| FASTER | Кирген | 2 | 27,74 | 1 | 10,89 | 1 | 13,18 |
| | Чыккан | 1 | 12,67 | 0 | 4,67 | 0 | 7,08 |
| Золотая Корона | Кирген | 1 621 | 37420,48 | 1 849 | 27 276,12 | 2 233 | 32 873,40 |
| | Чыккан | 162 | 10226,68 | 162 | 8 332,35 | 188 | 9 367,90 |
| RIA | Кирген | 2 | 53,01 | 2 | 57,24 | 3 | 90,31 |
| | Чыккан | 0 | 0,76 | 0 | 2,13 | 0 | 2,61 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **2 165** | **51595,5** | **2 179** | **38 416,27** | **2 625** | **42 703,39** |
| | **Чыккан** | **185** | **11797,04** | **195** | **10 080,82** | **225** | **11 206,11** |

**2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары**

2019-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 22 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ – 21 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 20 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна каралган.

2019-жылдын II чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 7,8 млрд сом жалпы суммада 43,2 млн транзакция ишке ашырылган.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 3,8 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 48,4 пайыз), мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 37,9 млн төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынан 87,7 пайыз).

Кызмат көрсөтүүлөрдүн/товарлардын мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына келтирилген төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга, салык жыйымдарына, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 898,2 млн сомду түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 11,5 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 1,8 млн төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 4,2 пайызы). Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 604,2 млн сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 7,7 пайыз), ал эми толуктоолордун саны 651,9 миң төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 1,5 пайызы).

**9-таблица. Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны, бирд. | Үлүшү, % | Көлөмү, миң сом | Үлүшү, % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш кызматы | 37 904 686 | 87,72 | 3 782 232,4 | 48,36 |
| 2 | Катталган телефон байланышы | 55 729 | 0,13 | 12 917,3 | 0,17 |
| 3 | Интернет | 375 959 | 0,87 | 323 244,9 | 4,13 |
| 4 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 602 718 | 3,71 | 768 629,5 | 9,83 |
| 5 | Салык жыйымдары | 1 779 | 0,00 | 1 870,0 | 0,02 |
| 6 | Айыптык төлөмдөр (КР ИИМ ЖКК) | 10 750 | 0,02 | 13 378,5 | 0,17 |
| 7 | Мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр | 216 432 | 0,50 | 114 295,5 | 1,46 |
| 8 | Банктык эсепти толуктоо | 135 898 | 0,31 | 474 051,9 | 6,06 |
| 9 | Финансы-кредит мекемесинин кредити үчүн төлөө | 119 390 | 0,28 | 359 877,1 | 4,60 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 53 631 | 0,12 | 140 856,6 | 1,80 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 651 929 | 1,51 | 604 188,4 | 7,73 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 97 610 | 0,23 | 132 625,2 | 1,70 |
| 13 | Социалдык тармактар | 17 346 | 0,04 | 4 405,2 | 0,06 |
| 14 | Интернет оюндары | 79 145 | 0,18 | 49 861,0 | 0,64 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелеринде эсепти толуктоо | 426 779 | 0,99 | 433 822,9 | 5,55 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 948 717 | 2,20 | 80 160,1 | 1,02 |
| 17 | Букмекердик чендер | - | - | - | - |
| 18 | Жарыя кызматтары | 2 512 | 0,01 | 790,4 | 0,01 |
| 19 | Кулактандыруулар | 6 118 | 0,01 | 2 242,0 | 0,03 |
| 20 | Кайрымдуулук | 828 | 0,00 | 133,7 | 0,00 |
| 21 | Билим алуу | 2 636 | 0,01 | 7 550,0 | 0,10 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 22 | Туристтик кыдыруулар | 609 | 0,00 | 2 870,7 | 0,04 |
| 23 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу «Тышкы соода чөйрөсүндө «Бирдиктүү терезе» борбору» мамлекеттик ишканасы | - | - | - | - |
| 24 | Башка төлөмдөр | 500 569 | 1,16 | 510 687,0 | 6,53 |
| | **2019-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы:** | **43 211 770** | 100,00 | **7 820 690,3** | 100,00 |



16-график. Төлөмдөрдүн саны, %



17-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %

уюмдарынын иши өз алдынча тейлөөнүн автоматташтырылган терминалы (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген. 2019-жылдын II чейрегинин акырына карата төлөм уюмдарынын өз алдынча тейлөөнүн автоматташтырылган терминалдарынын саны 6,5 миң бирдикти, POS-терминалдардын саны – 92, төлөм системасынын катышуучуларынын саны – 20,4 миң бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 2.7. Электрондук акча

2019-жылдын II чейрегинин акырына карата электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн 2018-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун ыңгайлуу жана жөнөкөй болушуна байланыштуу. Электрондук акчалардын эмитенттери болуп, тогуз коммерциялык банк эсептелет, электрондук акчалар менен эсептешүүнүн тогуз системасы иштейт.



18-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (миң бирдик)

2019-жылдын II чейрегинин акырына карата абал боюнча электрондук капчыктардын саны 2018-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда дээрлик 1,6 эсеге көбөйүп, 1,4 млн ашык капчыкты түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде 2018-жылдын II чейрегине салыштырганда электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү болжол менен 1,6 эсеге көбөйүп, 5,0 млрд ашык сомду түзгөн, мында электрондук капчыктарды толуктоо саны 15,3 пайызга өсүү менен 2,6 млн операцияны түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде товарлар менен кызмат көрсөтүүлөргө төлөө операцияларынын көлөмү 2018-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 1,4 эсеге өсүү менен 1,4 млрд сомду, ал эми операциялардын саны 0,25 пайызга өсүү менен 4,1 млн операцияларды түзгөн.

2019-жылдын II чейрегинде электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу көлөмү 2018-жылдын II чейрегине салыштырганда 1,7 эсеге өсүп, 1,2 млрд сомду,

ал эми акча каражаттарын которуу саны 79 пайызга өсүү менен 0,2 млн жакын операцияларды түзгөн.

**19-график. Электрондук капчыктар менен операциялар боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү**




## 2.8. Банктык чекене агенттер

Коммерциялык банктардын агенттерди ишке тартуусу аларга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, кредиттин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттан нак акча каражаттарын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2019-жылдын II чейреги ичинде ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- 30 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, алар 2019-жылдын I чейрегине салыштырганда 6,3 пайызга төмөндөгөн;

- 229 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым бир түрлөрүн сунуштаган, алар 2019-жылдын I чейрегине салыштырганда 16,8 пайызга жогорулаган.